Педагогикалык кеңеш тарабынан
кабыл алынган
Протокол № 1 « 1 » 09 2019-ж.

«Бекитемин»
Мектеп жетекчиси ________ Боркеев Э. Т.
« 1 » 09 2019-ж.

# Камчибек Шакиров атындагы Сынташ орто мектебинин башталгыч класстарынын "Байчечекей" усулдук бирикмесинин

# 2019-2020- окуу жылына карата иш планы

| № | Аткарыла турган иштер | Мөөнөтү |
|---|---|---|
| 1 | 1. Усулдук бирикменин 2019-2020-окуу жылындагы иш планын талкуулоо.<br>2. Календарлык планды бекитүү . | Август |
| 2 | 1. "Жолдо жүрүүнүн эрежеси"кл. саат өткөрүү.<br>2. Коопсуздук эрежелер менен окуучуларды тааныштыруу.<br>3. Тил майрамына арналган кл.саат өткөрүү.<br>4. Ата-энелер чогулушун өткөрүү. | Сентябрь |
| 3 | 1. Дептер, күндөлүктү текшерүү.<br>2. Күз майрамын өткөрүү.<br>3. Шар окуусун текшерүү.<br>4. Билим сапатына мониторинг өткөрүү.<br>5. "Окуу керемет" долбоорун ишке келтирүү. | Октябрь |
| 4 | 1. Биринчи чейректин жыйынтыгын чыгаруу.<br>2. Жакшы өздөштүрө албаган окуучулар менен иштөө, ишин кароо.<br>3. Жаш мугалимдер менен иш алып баруу. | Ноябрь |
| 5 | 1. Өзгөчөлөнгөн окуучулар менен иш алып баруу.<br>2. Окуучулардын китептерине көңүл буруу<br>3. "12-декабрь" улуттук китеп күнүн өткөрүү. Окуу фестивалы.<br>4. Жарым жылдык билим сапатын чыгаруу.<br>5. "Жаңы жылым келе бер" кл.саат | Декабрь |

| | | |
|---|---|---|
| 6 | 1. “Жаратылыштын жан досум” кл.саат.<br>2. Класстын тазалыгын, окуучулардын тартибин текшерүү.<br>3. “Грippке каршы күрөш ” кл.саат. | Январь |
| 7 | 1. Жаш мугалимдер менен иш алып баруу.<br>2. Дептер күндөлүктү текшерүү.<br>3. “Мекен коргоочулары” кл. саат.<br>4. Ачык сабактарды өткөрүү.жыйынтыгын чыгаруу.<br>5. Мектеп ичинде олимпиада жүргүзүү.. | Февраль |
| 8 | 1. “Алтын Апа” кл.саат<br>2. Окуучунун ылдамдыгын текшерүү.<br>3. Кыргыз тил, математикадан срез алуу.<br>4. “Салам сага Нооруз” кл.саат | Март |
| 9 | 1. 4-класстын окуучуларынын билим сапатын текшерүү.Эрудит олимпиадасына даярдык көрүү.<br>2. “Бирге окуйбуз” ата-энелер чогулушун өткөрүү<br>3. Алиппе майрамын өткөрүү. | Апрель |
| 10 | 1. Билим денгээлин жыйынтыгынын мониторинг түзүү.<br>2. “Жаратылыш жан досум” экскурсия | Май |

**К. Шакиров атындагы башталгыч класстарынын**

**"Байчечекей" усулдук бирикмесинин 2019-2020-окуу жылындагы аткарылган иш чараларга**

**Талдоо.**

Башталгыч класс метод бирикменин жететкчиси Дыйканбаева Н. Т.

Методикалык тема: "Бирге окуйбуз" долбоордун ишмерлигин жайылтуу.

Усулдук бирикменин максаты.

Милдети долбоор окуучулардын жетишкендиги тууралу натыйжалуу кайтарым байланышты бере турган, формативдик баалоону пайдаланганга жардам берүү.

Күтүлүүчү натыйжа.

Класста жана мектепте өзгөрүүлөрдү киргизүүдө кыймылдаткыч күч катары өз ролун таануу. Окутуу тартибин инсанга багытталган негизде. Активдүү окутуу ыкмаларына кайтарым байланыш түзүү.

**Август.** Усулдук бирикменин 2019-2020-окуу жылынын планын бекитүү, талкулоо Усулдук бирикменин планы менен жетекчи Дыйканбаева Н.Т. тааныштырды.

Бирикменин мүчөлөрү өз ойлорун айтып талкуулашты. Бир жылга коюлган иш чаралар, класстык тарбиялык сабактар өз мөөнөтүндө аткарууну убада алышты. 2019-2020-окуу жылына күндөлүктөр берилди

Жаш мугалимдерге Таштанбекова Алтынайга Кулчаева Н. насаатчы мугалим бекитилип берилди.

**Сентябрь.** 1-сентябрь билим күнүнө карата "Менин досум компьютер" деген темада башталгыч класстын мугалимдери ачык сабак өтүштү. Көрсөтмөлүү кызыктуу сабак болду. Мугалимдер: АбдылдаеваР. Кулчаева Н. мактоого алынды.
Окуу жылы башталышы менен жол кырсыгы көбөйөт. Кичинекей бөбөктөргө жолдо жүрүүнүн эрежеси менен тааныштырып, класстык сааттарды өтүштү. Аблаева.Ч, Зарылбекова.Н, Омурбаева Ж. эн жакшы көрсөтмөлүүлүк менен тарбиялык саат өтүштү. Мамлекеттик тил күнүнө 30-жылдыгында башталгыч класстар "Эне тилим-Эне сүтүм" деген темада тарбиялык саатырды өтүштү. Ар бир класстын иши өзгөчө болду, ыр, кыргыз бийи, макал айтуу, Манастан үзүндү, жомоктон үзүндү аткарышты.

Мамлекеттик тилге карата тарбиялык сааттар өтүлдү, ар бир класс жетекчи жоопкерчилик менен даярданып окуучуларга кеңири маалымат беришти.

Ата-энелер чогулушу өтүлдү.

**Декабрь.** Жакшы окуган балдар менен өзүнчө план түзүп иш алып баруу. Улуттук китеп күнүнө карата башталгыч класстын мугалимдери менен чон фестиваль өткөрүштү.

Ч.Айматов жөнүндө жана анын чыгармалары менен таанышты.

Жаны жылдык балаты 27-декабрда болду ар бир класс ыр,бий, жомок даярдап, аткарып беришти.

Жарым  жылдык билим сапаттын текшерип чыгуу.

**Январь.** Сүрөт көргөзмө уюштурулду. Иштерин баалоо. Жугуштуу оорулардан сак бол деген темада тарбия сааттар өтүлдү. Сасык тумоо, сарык оруулардан кантип сактануу керектигин окуучулар билишти. Коронавирус оорусунан сак болуу, өздүк гигиенаны сактоо жолдорун үйрөнүштү. Окуучулардын окуу китептери текшерилди.

**Февраль.** Окуу керемет долбоору менен иш алып баруу.

2,3-класстарды билим денгээли текшерилди. Жакшы жыйынтыкка ээ болушт. 23-февраль Мекен коргоочулар күнүнө  карата тарбия сааттар өтүлдү.